**Жобо №67 №9**
**Абдыкадыр Орозбеков атындагы**
**орто мектебинин 2019-жылдын 14-сентябрындагы педогогикалык кеңешмесинде каралып бекитилген**

Макулдашылды
№9 Абдыкадыр Орозбеков атындагы орто мектебинин кесиптик бирлигинин төрайымы: Р. Боркошева
5.09.2019

Бекитемин:
№9 Абдыкадыр Орозбеков атындагы орто мектебинин директору
Я. Атабеков
5.09.2019

## №9 Абдыкадыр Орозбеков атындагы орто мектебинин эксперттик кеңеши жөнүндө Жобо

### I. Жалпы жоболор

1.1.Жалпы билим берүүчү уюмдардын эксперттик кенеши натыйжаларга негизденген эмгек акы төлөө системасынын иштешинин аткаруучу органы болуп саналат.

1.2. Натыйжаларга негизденген эмгек акы төлөө системасы билим берүү уюмдарында бир окуучуга эсептегенде ар бир жанга бюджеттик каржылоо принциби менен бир мезгилде киргизилет.

1.3. Эксперттик кенеш эмгектик катышуу коэффициентин ( мындан ары -ЭЭК ) аныктоо үчүн предметтик - методикалык же предметтик – циклдик бирикмелер боюнча түзүлөт, анын негизинде кошумча эмгек акыны эсептөө үчүн ар бир педагог боюнча эсептин тууралыгын контролдойт.

1.4. Эксперттик кенеш мектептин администрациясынын ( директордун окутуу тарбиялоо иштери боюнча орун басары же завуч ), экономистти же башкы бухгалтеринин , профсоюз комитетинин төрагасынын же мүчөсүнүн арасында жалпы билим берүүчү уюмдун директорунун буйругу менен түзүлөт.

1.5. Эксперттик кеңеш өз ишинде эмгек жөнүндө мыйзамдарды ,Билим берүү жана илим министрлигинин жалпы билим берүүчү уюмдун директорунун буйруктарын , эмгек акы төлөө боюнча жобону жана ушул жобону жетекчиликке алат.

1.6. Эксперттик кеңеш өз ишин жалпы билим берүүчү уюмдун директору бекиткен план боюнча уюштурат, заседаниесин айына кеминде бир жолу өткөрөт.

### II. Эксперттик кеңештин милдеттери.

2.1 Эксперттик кеңеш педагогикалык персоналдын ишинин натыйжалуулугуна жана сапатына баа берүү индикаторлору боюнча эсептөөлөрдүн негизинде ай сайын предметтик – методикалык жана предметтик – циклдик бирикмелердин ар бири боюнча эмгектик катышуу коэффициентин аныктайт.

2.2 Предметтик –методикалык жана предметтик –циклдик бирикмелердин эмгектик катышуу коэффициентинин өлчөмдөрүн эксперттик кеңеш уюмдун директорунун бекитүүсүнө берет жана

Scanned by TapScanner

белгиленген мөөнөттө аны предметтик – методикалык жана предметтик –циклдик бирикмелердин комиссияларына жеткирет.

2.3. Комиссиялардын курамы, педагогикалык персоналдын эмгектик катышуу коэффициентин эсептөө үчүн иштин натыйжалуулугуна жана сапатына баа берүү индикаторлору жалпы билим берүүчү уюмдун директорунун буйругу менен бекитилет.

## III . Эксперттик кеңештин укуктары.

3.1. Эксперттик кеңеш предметтик-методикалык жана предметтик –циклдик бирикмелериндеги айрым кызматкерлерге ЭКК ны эсептөөнүн негиздүүлүгун текшерүүгө укуктуу .

3.2. Эмгек тартибинин же иш милдеттерин бузган учурларда айрым кызматкерлерге ЭККны алып салуу же төмөндөтүү жөнүндө бирикмелердин комиссияларына сунуш киргизет.

3.3. Бирикмелердин комиссиясы менен кызматкерлердин ортосунда пикир келишпестиктер келип чыкса ,үчүнчү жак катары чыгат.

3.4. Мекеменин кызматкерлерин сыйлоо же материалдык колдоо көрсөтүү жөнүндө чечимдерди кабыл алууга катышат.

3.5. Уюмдун Эксперттик кеңеши жана эмгектик паспортторду толтуруу боюнча комиссия кызматкерлерди ЭКСсын жана кошумча эмгек акысынын ажыратууга укуктуу Чечим обьективдүү себептер менен негизделүүгө тийиш.